**Изденүүчү Содиков Нозимджон Махмадиновичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеяларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү”**
**аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик пикир**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертация актуалдуу педагогика тарыхынын актуалдуу маселелеринин бирине арналган. Анткени, Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы адеп ахлакка тарбиялоо баалуулуктары чети оюла элек казына болуп эсептелет. Мевлананын мурастарын адабият же дин таануунун чегинде гана кабылдоого болбойт. Биринчиден, чыгышта ар дайым калк тарабынан нарктуу акын даанышман тарбиячы катары, нарктуу поэзия таалим тарбия катары кабылданган. Дүйнөлүк поэзиянын чыгаан өкүлдөрүнүн арасынан айрыкча Мевлана Желаледдин Руминин мурастары таалим тарбия өңүттө кабылдоо тарыхта салтка айланган көрүнүш. Өзгөчө анын«Месневиси» “караңгыда жол таба албай карбаластаган көр пенделердин кол чырагы”; “жалпы адамзаттын руханий гүл азыгы”, “нукура таалим-тарбия чыгармасы” кабылданып келген. Эгерде таалим-тарбияны инсандын дүйнө таанымында, ойлоо багытында пейилинде, ишенген нарк-нускаларында кандайдыр бир өзгөрүш өнүгүш жаратуучу дөөлөт катары карасак, анда Желаледдин Румини ошол дөөлөттөрдү жаратууга өлчөмсүз эмгек эткен XIII кылымдын эң таасирдүү, таалимчииси болгон. Анын мурастарында көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжасы менен тастыкталгандай бүгүнкү күндүн ашкан татаал тарбия маселелерин чечүүгө өбөлгө болгон акыл ойлор арбын. Бүгүнкү педагогика илиминин корунда анын мурастарын ачыктап чечмелеген эмгектер өтө чектелүү болгондуктан жана ошондой эле андай эмгектерге болгон муктаждык ар дайым жашап келгендиктен аткарылган изилдөөнүн актуалдуулугу шек жаратпайт. Ошону менен бирдикте диссертант изилдөөнүн проблемасын максат жана милдеттерин айкындоодо диссертант илим дүйнөсүндөгү реалдуулукту жетишээрлик эске албай айрым методологиялык калпыстыктарга

жол бергендиги ачык байкалып турат. Алсак, автор изилдөөнүн проблемасын аныктоо үчүн темага тиешелүү көптөгөн адабияттарды тизмектеп чыккан. Бирок, адабияттарды анализдөөдө диссертациялык излдөөлөргө коюлуучу эреже жоболордон четтеп канчалык көп авторлордун эмгектери эске алынса ошончолук жакшы деген принципке таянганы үстүрт караган адамга деле даана баамдалат. Башкача айтканда адабияттар анализи изилденип жаткан теманын белилүү жана али илимий айлампага алына элек белгисиз жактарын таанып билүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Кезегинде бул алешемдик изилдөөнүн проблемасын так тариздөөгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Изилдөөнүн проблемасынын так аныкталбагандыгы диссертациянын темасынын, претмет,максат, милдеттеринин ортосундагы өз ара ички биримдигине доо кетирбей койгон эмес.

Алсак, тема «Мевлана желаледдин руминин мурастарындагы педагогикалык идеяларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү» деп таризделсе **максат** компонентинде **обьект** алда канча кеңейтилип бүтүндөй билим берүү уюмдары туралуу сөз болот. Мындай дал келбестик жана карама каршылык илимий апараттагы түшүнүктөр системасында да учурайт. Биздин пикирибизде илим бийиктигинен алып караганда “педагогикалык мурастары” (**обьект**), “мурастарында колдонулган таалим-тарбия берүүчү идеялар” (**предмет**), “педагогикалык ойлорун” **(максат)** деген түшүнүктөр олутту айрымалуу маани -маңызга ээ.

**2. Диссертациянын илимий натыйжалары катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот.**

**1-натыйжа.** Автор тарабынан биринчи натыйжа катары тариздетген Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролун ачып көрсөтүлдү деген пункт изилдөөнүн логикасына толук коошпой турган менен жалпы таанымдык жагы шек жаратпайт.

**2- натыйжа.** Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялардын табияты, негизги багыттары аныкталган.

**3- натыйжа.** Кыргыздын элдик педагогикалык маданиятынын айрым үлгүлөрү менен Мевлананын педагогикалык ойлорунун ортосундагы жалпы орток баалуулуктар талдоого алынган.

**4 – натыйжа.** Мевлана Желаледдин Руминин Мевлананын прогрессивдүү педагогикалык идеяларынын Кыргызстандын билим берүү уюмдарында колдонуунун тажрыйбалары изилденген.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

**1-натыйжа.** Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролу түрдүү өлкөлөрдө жана түрдүү тилдерде жарыяланган булактардын негизинде ачылып көрсөтүлгөн. Адабияттар анализинин географиясы дээрлик дүйнөнүн бири биринен айрымалуу мамлекеттерине таандык. Мындай аналитикалык материалдар Мевланын руханий мурастарынын дүйнөлүк маданияттагы талашсыз ордун ишенимдүү тастыктап турат.

**2- натыйжа.** Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеяларынын маңыз мааниси тарыхый мурастарга мамиле кылуу боюнча заманбап парадигмалардын негизинде изилденген. Арийне, Мевлана адамзаттын руханий ааламын толук камтууга аракет кылган алп ойчул агартуучу. Анын чыгармаларындагы педагогикалык идеялардын багыттарынын баарын камтуу мүмкүн эмес. Ошону менен бирдикте темада мектеп окуучулары туралуу сөз болгон соң окуучулардын өнүгүш, калыптаныш багыттарына шайкеш баалуулуктарга басым жасалса диссертациянын натыйжалары дагы ишенимдүүрөк жана негиздүү болмок.

**3- натыйжа.** Мевлананын педагогикалык ойлорунун кыргыз элинин педагогикалык маданиятындагы көз караштар менен үндөштүгү конкреттүү акындардын чыгармаларындагы жана салттык билимдердеги аналогдорду

салыштыруу аркылуу тастыкталган. Ошону менен бирдикте салыштыруулар айрым гана мисалдарга негизделип жалпы орток баалуулуктардын детерминанттары толук ачыкталган эмес.

**4- натыйжа.** Мевлананын педагогикалык ойлорун Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуу боюнча сунуштарда айрым схематизмдер орун алгандыгына карабастан илим жана практикада калыптанган мыйзам ченемдүүлүктөргө негизделген жана белгилүү өлчөмдө практикада колдонуу боюнча билимдерди байытууга өбөлгө боло алат.

4. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Жаңы эмес,* Мевлана Желаледдин Руминин өмүр жолу, дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролу туралуу маалыматтар жалпыга белгилүү маалыматтарга негизделген. Мында өз алдынча жаңыдан табылган фактылар же белгилүү фактыларга жаңыча илимий баа берилген эмес.

**2-натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы,* анткени, Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялардын табияты, негизги багыттары туралуу буга чейинки эмгектердеги табылгалар толуктап, такталган.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* Мевлананын педагогикалык ойлорунун кыргыз элинин педагогикалык маданиятындагы көз караштар менен үндөштүгү конкреттүү акындардын чыгармаларындагы жана салттык билимдердеги аналогдор биринчи жолу талдоого алынган.

**4-натыйжа.** *Жаңы,* Мевлананын педагогикалык ойлорун Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуу боюнча тажрыйбалар биринчи ирет талдоого алынган жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

5. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөнүн материаладары жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана

технологиялар», «Салыштырма педагогика», «Этнопедагогика» сабактарынын окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле кыргыз мектеп окуучуларын тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүдө эске алынышы мүмкүн.

**6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги идеяларын чагылдыруу үчүн изденүүчү 1 китеп, 11 макала жарыялаган.

**7. Диссертацияда орун алган айрым кемчиликтер жана аларды түзөлтүү боюнча сунуштар:**

1. Диссертациянын максаты, милдеттери, алынган натыйжалары менен темасынын ортосунда айрым дал келбестиктер бар. Алсак, *«Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ишмердүүлүгүнүн ролу»* аттуу экинчи главанын материалдары китептен китепке көчүп келе жаткан кайталанма материалдардан куралып диссертациянын үчтөн бир бөлүгүн ээлеп калган. Ошону менен бирдикте теманын өзөгү болгон Мевлананын инсанды ар тараптуу тарбиялоо жана өнүктүрүү идеяларынын негизги багыттары 15 эле бетте талданышын эреже талаптан тыш көрүнүш деп кабылдабай коюуга болбойт.
2. Диссертациянын 3-милдет *“Мевлана Желаледдин Руминин мурастарын азыркы муунду тарбиялоодо колдонуунун теориялык негиздерин аныктоо”*- деп аталганы менен дисссертация жана авторефераттын текстинде теориялык негиз катары сыпаттоого мүмкүн болгон материалдар өтө эле чектелүү.
3. Жыйынтыктарда эреже боюнча алынган жаңы натыйжалар теория жана практика үчүн мааниси конкреттүү илимий таанымдык билим катары таризделиши зарыл эле. Тилекке каршы мында да автор үстүрт кургак баяндоодон арыла алган эмес.

**8. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Содиков Нозимджон Махмадиновичтин «Содиков Нозимджон Махмадиновичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеяларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү" аттуу диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

Арийне аталган кемчиликтер диссертациянын сапатына төмөндөтөт, бирок теориялык жана практикалык натыйжаларын толугу менен төмөндөтө албайт. Олуттуу кемчиликтерине карабастан Содиков Нозимджон Махмадиновичтин кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү «Содиков Нозимджон Махмадиновичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеяларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү" аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарын канаатандырат. Ал эми изденүүчү Содиков Нозимджон Махмадиновичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот. Орточо баллдардын суммасы 4 балл.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **Алимбеков А.**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**

**Содиков Нозимджон Махмадаминовичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялар жана аларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү»** аттуу темадагы диссертациясын экспертик баалоонун **чен-өлчөмдөрү**

| № | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| **I** | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | 3 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | 4 |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамиленин артыкчылыктары | *4* |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу | 4 |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара байланышы | 3 |
| | **Баллдардын суммасы** | ***20*** |
| | **Орточо балл** | **4** |
| **II** | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы | 4 |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | 4 |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | ***12*** |
| | **Орточо балл** | **4** |
| **III** | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 4 |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | 4 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | 4 |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 4 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 4 |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | 4 |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | ***28*** |
| | **Орточо балл** | **4** |
| **IV** | **Апробациялангандыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | 4 |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | 4 |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | 4 |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | ***16*** |
| | **Орточо балл** | **4** |
| **V** | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | ***8*** |
| | **Орточо балл** | **4** |
| **VI** | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | 4 |
| 2. | Коргоо жол-жоболорунун шайкештиги | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 8 |
| | **Орточо балл** | 8 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | **92** |
| | **Орточо балл** | **4** |

**Расмий оппонент: п.и.д., профессор** **А. Алимбеков**

**А. Алимбековдун** колун тастыктаймын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы

КЕҢСЕ